**Ош мамлекеттик университетинин**
**Эл аралык билим берүү программалары колледжинин «Котормо иши: чыгыш тилдери» бөлүмүнүн**
**ОТУРУМУНУН**

**№8-ПРОТОКОЛУ**

**6-февраль 2022-ж.** **Ош шаары**

**Катышуучулар:**

1. **Бөлүмдүн башчысы:**
   Таштанова Ж.А. - бөлүм башчысы.
2. **Мүчөлөрү:**
- Таирова А.Ш. – окутуучу;
- Бекназаров С. – окутуучу;
- Өскөн к. Г. – окутуучу;
- Таир к. Г. – окутуучу;
- Аттокур к. А. – окутуучу;
- Аманбек кызы Н. – окутуучу;
- Исмаилова Н. – окутуучу;
- Кадырбекова Г. – окутуучу.
3. **Катчы:**
- Исмаилова Н. – окутуучу;

**Күн тартиби:**

| | | |
|---|---|---|
| 1. | Ар бир окутуучунун функционалдык милдеттерин аткарылышын талкуулоо жана көзөмөлдөө. | Бөлүмдүн башчысы, окутуучулар. |
| 2. | Колледждин бардык бөлүмүнүн окутуучулары өз ара сабактарга катышат. | Бөлүмдүн башчысы, окутуучулар. |
| 3. | Кураторлодун милдеттерин талкуулоо. | Бөлүмдүн башчысы, окутуучулар |
| 4. | Аккредитация боюнча жумушчу топко жаңы жооптууларды кошуу жана бекитүү. | Бөлүмдүн башчысы |
| 5. | Электрондук журналдардын так жана туура толтурулуп жаткандыгын талкуулоо жана көзөмөлгө алуу. | Бөлүмдүн башчысы, цикл башчылары, окутуучулар. |
| 6. | *Ар түрдүү:* Бардык окутуучулардын аккредитация жумуштары боюнча 1-7 стандарттарды жакшы өздөштүрүүсүн камсыздоо. | Бөлүмдүн башчысы, цикл башчы, окутуучулар. |

**1-маселе. Ар бир окутуучунун функционалдык милдеттерин аткарылышын талкуулоо жана көзөмөлдөө.**

*Угулду:* бөлүм башчысы ***Ж.А.Таштанова*** окуу жайдын уставына ылайык ар бир окутуучунун функционалдык милдеттери бар, ошол милдеттер менен таанышып чыгып ар бири өзүнө бөлүнгөн жумуштарды так аткарышы керектигин айтты. Өткөн жумада тапшырылуусу керек болгон мониторингдин жыйынтыгын бербеген мугалимдерге ооз эки түрдө эскертүү берилгенин, эгерде бул жоопкерчиликсиз мамиле кайра кайталанса сөгүш берилерин айтып өттү. Аккредитация жумуштары көптүгүнө байланыштуу бөлүм башчы толугу менен ушул маселе менен иштейт жана бөлүм башчынын бардык жумуштарын ПЦК жетекчиси ***Тухтаматов Азамат*** аткарарын белгиледи. Бардык мугалимдер отчет, иш кагаздарды ПЦК жетекчисине тапшыруусу керек деп айтып өттү.

Scanned with CamScanner

ар бир куратор студенттердин жүрүм турумун көзөмөлгө алсын жана жатаканада жашаган студенттерге окуу жайдын ички эрежелери менен тааныштырып чыгуулары керектигин айтты.

иш планы менен тааныштырып, жыл бою аткарылуучу маанилүү маселелердин жооптууларын, мөөнөттөрүн белгилеп, талкуулуга койду. Модуль. Сессия учурунда коррупцияга жол бербөө керектигин айтып, эгер окутуучулардын арасында акча суроо фактысы катталса катуу чара көрүлкрүн баса белгилеп өттү.

***Сөзгө чыкты:*** Окуу-тарбия иштери боюнча жооптуу окутуучу Өскөн кызы Гүлбахар ар бир кураторго кураторлук тайпасына жогоруда айтылган маселелер боюнча дагы бир ирет түшүндүрүү иштерин жүргүзүүсүн айтып, коррупцияга каршы иш жүргүзүү максатында ар бир студенттен анкетирлөө алынары айтылды, анкетирлөөгө ар бир студент катышуусу шарт экенин белгиледи.

**2-маселе. Коллеждин бардык бөлүмүнүн окутуучулары өз ара сабактарга катышуусун талкуулоо.**

***Угулду: Бөлүм башчысы Ж.А.Таштанова*** окутуучулар өз ара сабактарга катышып, мугалимге, сабакка анализ жасап, сабак өткөн окутуучунун ишмердүүлүгүнө баа берилерин, ар бир окутуучу тиешелүү сабакка канчалык деңгээлде даярдык менен кирерин, усулдук материалдар анын ичинеде: сабактын иштелмеси, студенттерде силлабустун болушу, жумушчу план менен дал келүүсү ж.б.у.с талаптарга жооп бере алаары текшерилет. Ошондуктан 2022-2023-окуу жылынын жазгы семестринде окутуучуларга өз ара сабактарга катышууга даяр болууну, бөлүмдүн окутуучулары да башка бөлүмдүн сабактарына катышып тажрыйба алмашуу менен окутуу жөндөмдөрдү жогорулатуу керектигин айтып өттү.

**3-маселе. Кураторлодун милдеттерин талкуулоо.**

***Угулду: Бөлүм башчысы Ж.А.Таштанова*** студенттердин сабактарга катышуу маселесин кураторлор катуу көзөмөлгө алуусун эскертти, күн сайын кураторлук тайпадан кимдер келди, кимдер келбеди белгилөө керектигин айтып, катышуу листин түзүүнү буюрду. Келген студенттер күн сайын кол коюдуруп, белгилөө керектигин айтты. Андан сырткары чет өлкөжө жүргөн же такыр сабактарга келбеген студенттер бар же жок экенин тактоону тапшырды, сабактарга такыр катышпаган студенттерге бааларды кою фактысы катталса ар бир окутуучунун өзүнүн жоопкерчилигенде болот деп баса белгиледи. Андан сырткары ар бир студентке милиция кызматкерлеринин ишенимдүү телефон номерлерин берүү керектигин айтты, себеби мыйзамга каршы келген иш аракеттер (коррупция, рекет) болгон учурда студенттер түз мыйзам өкүлдөрүнө байланышка чыга алуусуна шарт түзүү.

**4-маселе. Аккредитация боюнча жумушчу топко жаңы жооптууларды кошуу жана бекитүү.**

***Угулду:*** бөлүм башчысы ***Ж.А.Таштанова*** аккредитация иштери көп болгондугу себебинен буга чейинки түзүлгөн жумушчу топ жетишпей жаткандыгына байланыштуу, жумушчу топко жаңы окутуучуларды дайындоону сунуштады. Сайт иштери боюнча жооптуу окутуучу Аманова Айгеримге жардамчы катары Өскөн кызы Гүлбахар жана Аманбек кызы Нурпейил ушул окутуучулар дайындалды. Андан сырткары бардык окутуучулар бардык жумуштарга жардам беришет.

**5-маселе. Электрондук журналдардын так жана туура толтурулуп жаткандыгын талкуулоо жана көзөмөлгө алуу.**

Scanned with CamScanner

***Сөзгө чыкты: ПЦК жетекчиси Тухтаматов Азамат*** 2022-2023-окуу жылынын биринчи бөлүгүндө ар бир окутуучуга бөлүнгөн саат жүктөмдөрүнө ылайык, өтүлгөн сабактарды portal.oshsu.kg сайтындагы электрондук журналдарды так жана өз убагында толтуруу керектигин айтты, ошондой эле дагы бир жолу туура толтурулгандыгын текшерүүнү баса белгиледи.

**6-маселе. *Ар түрдүү:* Бардык окутуучулардын аккредитация жумуштары боюнча 1-7 стандарттарды жакшы өздөштүсүн камсыздоо.**

*Угулду:* бөлүмдүн окуу усулдук иштери боюнча жооптуу окутуучусу ***А.Таирова*** аккредитация иштеринин жүрүшүн бардык мугалимдкер менен талкулоо максатында жума сайын отурум уютурууну сунуштады. Бул демилгени отурумдагы бардык мугалимдер колдоштру жана ар ишемби саат 11:00 дө өткөрөлү деп чечим кабыл алынды.

**Эл аралык билим берүү программалары коллежинин котормо иши чыгыш тилдери бөлүмүнүн**
**КЕҢЕШИ токтом кылат:**

1. Окутуучулардын функционалдык милдеттерди аткарылышын көзөмөлдөө аткарбаган окутуучуларга чара көрүлсүн.
2. Коллеждин бардык бөлүмүнүн окутуучулары өз ара сабактарга катышуусу камсыздалсын.
3. Кураторлор өз милдеттерин так аткарсын, тартип бузган студенттер менен жекече иш алып барсын.
4. Аккредитация боюнча жумушчу топко жаңы жооптууларды бекитилсин.
5. Электрондук журналдардын так жана туура толтурулуп жаткандыгы көзөмөлгө алынсын.
6. Бардык окутуучулардын аккредитация жумуштары боюнча 1-7 стандарттарды жакшы өздөштүрүүсүн камсыздоо үчүн жума сайын отурум уюштурулсун.

**Бөлүм башчысы:** **Таштанова Ж.А.**

**Катчы:** **Исмаилова Н.Д.**

Scanned with CamScanner